*Н.Рахманов атындагы орто мектебинин*

*16-ноябрь 2022-ж. өткөн*

***ата-энелер кеңешинин жыйынынын №2 протоколу***

***Катышкандар:*** *мектеп администрациясы, ата-энелер кеңешинин мүчөлөрү, класс жетекчилер, соц.педагог.*

***Каралуучу маселелер:***

1. *1-чейректин жыйынтыгы менен ата-энелерди тааныштыруу*
2. *Окуучулардын сабактан тышкаркы бош убактыларын пайдалуу өткөрүү.*
3. *Мектептеги салттар жана алардын окуучуларды тарбиялоодогу ролу*
4. *Ар кыл маселелер*

***Сөз сүйлөгөндөр:***

1. *Биринчи маселе боюнча мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Намазбекова А.Б. суйлөдү. Ал 2022-2023-о.ж. 1-чейрегинин жыйынтыгы менен ата-энелерди тааныштырды. (Анализ тиркелди)*

2. *Окуучулардын сабактан тышкаркы бош убактыларын пайдалуу өткөрүү тууралуу мектептин соц.педагогу Джаманкулова С.А сөз сүйлөдү. (материал тиркелди)*

3. *Мектептин тарбия иштерин уюштуруучусу Шукурбаева А.Н.: Мектептеги салттар жана алардын окуучуларды тарбиялоодогу ролу тууралуу баяндама жасады. (материал тиркелди)*
4. *Ата-энелерге мектептеги иштеген кружоктор, факультативдер тууралуу маалымат берилди. Мектепте 2 кружок иштеп жатат. Алар "Чебер колдор" жетексиси Өмүралиева А.Б.жана шахмат кружогу жетекчиси Джусупбеков Б.А.*
5. *8-9-класстын окуучуларынын ичинен тарбиясы оор балдардын ата-энелери мектепке чакырылып алар менен аңгемелешүүлөрдү өткөрүлдү.*
6. *Мектептеги санитардык –гигиеналык режимин, техника коопсуздугунун, өрт коопсуздугунун сакталышын көзөмөлдөп туруу керектиги айтылды.*

***Чечим:***

1. *2-чейректе билим сапатын жогорулатууга ата-энелер да салым кошушу керек. Ата-энелердин жоопкерчилигин күчөтүү.*
2. *Окуучулар бош убактыларын пайдалуу өткөрүшүнө ата-энелер көзөмөлгө алышсын.Класс жетекчилер окуучулар менен бул темада ангемелешүү өткөрүшсүн.*
3. *Мектептен тышкаркы иш-чараларга ата-энелер да тартылсын.*
4. *8-класстын эркек балдарынын сабактан тышкаркы убактагы тартибине ата-энелердин көзөмөлү күчөтүлсүн.*

*Чогулуштун төрагасы:* Дюшенбаева С.Э.

*Чогулуштун катчысы:* Шукурбаева А.Н.

Scanned with CamScanner